Улуу жазуучубуздун чыгармасында келтирилген маңкурт жөнүндөгү уламышта айрым бир тарыхый так эместиктерге жол берилген. Ырайымсыз жужандар баласын маңкуртка айланткан Найман эне (демек найман уруусунан) соодагерлерден уулу жөнүндө кабар угуп, аны издеп жөнөөрдө мусулманча келме келтирет. Бул туура эмес. Биринчиден, наймандар ислам динин туткан эмес. Алар христиан-несториан дининде болушкан.

Экинчиден, жуанжуандар доору IV-VI кылымдар. Бул мезгилде ислам дини али жарала элек эле. Бирок, бул так эместиктер, албетте жазуучунун чыгармасынын баалуулугун эч бир төмөндөтпөйт, анткени бул көркөм адабий чыгарма. Анын максаты, милдети башка. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин, Айтматов 1994-жылы Россиянын “Адабият гезити” басылмасына берген маегинде мындай деп мойнуна алган: “Эгер менин чыгармачылыгымда өзгөчөлүк бар болсо, ал кыргыздын элдик адабиятынан келип чыгат. Мен дээрлик бардык чыгармаларымда “Манас” эпосун, анын ичиндеги мифтерди жана уламыштарды тигил же бул формада колдонуп, аларды синтездөөгө аракет кылдым” [5; 218-б.].

Ал эми адабий чыгармалардагы, уламыштардагы тарыхый фактыларды талдап, тактап тарыхый булак катары илимий максатта пайдалануу – илимпоз-тарыхчылардын милдети.

Тарых илимдеринин доктору, профессор С. Кайыпов Президенттин уңгужол Жарлыгынын маанисин жайылтуу максатында Ош МПУга келгенде төмөнкүдөй баалуу пикирин айткан: “Маңкурт” – бүткүл адамзаттын акыл-эсин башка багытка буруп койгон чоң **модель!** Маңкуртту көп киши жазды, бирок ача алган эмес. Ч. Айтматов ошону ачты да, “маңкурт” деген сөз бүткүл дүйнөгө таркап кетти, которулбай түшүндүрүлөт. Маңкурт болуудан бүткүл дүйнө коркот. Ар бир кыргыз: “Маңкурт болбо!” – деп айтат. Бул идея кыргыздын бүткүл адамзатка берген белеги, анткени ал адамзат тарыхын туура жолго буруп турат”.

Жыйынтыктап айтканда, Ч. Айтматов кайсы гана чыгармасын жазбасын, сөзсүз түрдө “Манас” эпосунан баштап, элдик оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүн, тарыхый фактыларды, миф, легенда, уламыштарды айтуучу идеянын өзөгүн чечүү үчүн чеберчилик менен пайдалана билген.

Пайдаланылган адабияттар:

1. *Айтматов Ч. III том. – Ф., 1983. 113-115-б.б.*
2. *Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. –Б., 2001*
3. *Бартольд В. В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. –Б., 1997*
4. *Гумилев Л. Н. Древние тюрки. – М., 1993*
5. *“Адабият гезити”. Айтматов менен маек. Россия, - Москва. 1994.*
6. *Кыргыз тилинин сөздүгү. – Б., 2011. 195-б.*
7. *Үкүбаева. Ч. Айтматов жана кыргыз адабияты. – Б., 2012.*

УДК: 37.036:821.512.154 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.579**

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДОГУ БАЛАЛЫКТЫН ЭТНОМАДАНИЙ БЕЙНЕСИН АЧУУДА КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИ УЮШТУРУУ

Наркеева А.А. ОшМПУ, улук окутуучу
ORCID: 0009-0002-1084-8841 akylainarkeeva5@gmail.com

ОРГАНИЗАЦИЯ ВНЕКЛАССНОЙ РАБОТЫ ПО РАСКРЫТИЮ ЭТНОКУЛЬТУРНОГО ОБРАЗА ДЕТСТВА В ТВОРЧЕСТВЕ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА

Наркеева А.А. Старший преподаватель ОшГПУ
ORCID: 0009-0002-1084-8841, akylainarkeeva5@gmail.com

ORGANIZATION OF EXTRACURRICULAR ACTIVITIES FOR REVEALING THE ETHNOCULTURAL IMAGE OF CHILDHOOD IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV

Narkeeva A.A., Senior Lecturer OshSPU
ORCID: 0009-0002-1084-8841, akylainarkeeva5@gmail.com

Аннотация

Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун «Балалыгым» чыгармасынын негизинде балалыктын этномаданий бейнеси илимий-педагогикалык өңүттө талдоого алынат. Изилдөөнүн негизги максаты – кыргыз адабияты сабагында класстан тышкаркы иштерди уюштурууда жазуучунун чыгармаларын натыйжалуу пайдалануу аркылуу окуучулардын рухий-адептик дүйнөсүн байытуу жана этномаданий компетенциясын калыптандыруунун жолдорун аныктоо болуп саналат. Макалада бала тарбиясынын негизги булагы катары үй-бүлөнүн ролу, ата-эне менен баланын ортосундагы мамиленин өзгөчөлүктөрү, ошондой эле кыргыз элине мүнөздүү салт-санаалардын жана баалуулуктардын маниси кеңири каралат. Айтматовдун чыгармаларындагы балдар образдары аркылуу адамгерчилик, боорукерлик, жоопкерчилик жана мекенчилдик сыяктуу сапаттарды тарбиялоонун мүмкүнчүлүктөрү негизделет. Ошондой эле класстан тышкаркы иштердин түрлөрү – адабий талкуу, сахналаштыруу, рольдук оюндар жана чыгармачылык тапшырмалар аркылуу окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү, өз алдынча пикир айтууга үйрөтүү маселелери да чагылдырылат. Макаланын жыйынтыгында Айтматовдун чыгармалары жаш муунду тарбиялоодо баа жеткис руханий булак экендиги белгиленет.

Түйүндүү сөздөр: *рухий адептик баалуулуктар, патриоту кдөөлөттөр, тарбиялоо идеалдары, инсандын дүйнө таанымы, этномаданий компетенция.*

Аннотация

В данной статье на основе произведения Чыңгыз Айтматова «Детство» рассматривается этнокультурный образ детства в научно-педагогическом аспекте. Основной целью исследования является определение эффективных путей формирования духовно-нравственного мира и этнокультурной компетентности учащихся посредством использования произведений писателя при организации внеклассной работы на уроках кыргызской литературы. В статье особое внимание уделяется роли семьи как главного источника воспитания ребенка, особенностям взаимоотношений между родителями и детьми, а также значению традиций и культурных ценностей кыргызского народа. На примере детских образов в произведениях писателя обосновываются возможности формирования таких качеств, как гуманизм, доброта, ответственность и патриотизм. Кроме того, рассматриваются различные формы внеклассной работы, такие как литературные дискуссии, инсценировки, ролевые игры и творческие задания, способствующие развитию мышления учащихся и формированию навыков самостоятельного выражения мнения. В заключение подчеркивается, что произведения Айтматова являются ценным духовным источником в воспитании подрастающего поколения.

Ключевые слова: *духовные, нравственные ценности и патриотические ценности и идеалы образования, личностного восприятия, этнокультурной компетентности.*

Annotation

This article examines the ethnocultural image of childhood based on the work “Childhood” by Чыңгыз Айтматов from a scientific and pedagogical perspective. The main objective of the study is to identify effective ways of developing students’ spiritual and moral values as well as their ethnocultural competence through the use of the writer’s works in organizing extracurricular activities in Kyrgyz literature classes. The article highlights the role of the family as the primary source of child upbringing, the specific features of parent-child relationships, and the importance of national traditions and cultural values of the Kyrgyz people. Through the analysis of child characters in Aitmatov’s works, the potential for fostering qualities such as humanity, kindness, responsibility, and patriotism is revealed. In addition, various forms of extracurricular activities are discussed, including literary discussions, dramatizations, role-playing, and creative tasks that contribute to the

development of students’ critical thinking and independent expression. The study concludes that Aitmatov’s works serve as a valuable spiritual resource in educating the younger generation.

***Key words**: spiritual, moral values and patriotic values and ideals of education, personal perception, ethno-cultural competence.*

Киришүү

Кыргыз адабияты сабагында окуучулардын дүйнө таанымын калыптандырууда жана руханий жактан тарбиялоодо класстан тышкаркы иштердин мааниси чоң. Анткени мындай иш-чаралар аркылуу окуучулар адабий чыгармаларды терең кабыл алып, андагы баалуулуктарды өз турмушуна байланыштырууга үйрөнүшөт. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары бул багытта өзгөчө тарбиялык мааниге ээ болуп, балдардын дүйнөсүн этномаданий негизде чагылдыруу менен айырмаланат [6].

Балалыктын этномаданий бейнеси

Айтматовдун «Балалыгым» чыгармасында бала тарбиясынын башаты катары үй-бүлө көрсөтүлөт. Жазуучу өз эскерүүлөрүндө атасынын тарбиясын, анын адамгерчилигин жана үй-бүлөгө болгон жоопкерчилигин өзгөчө белгилейт[1, 422-б.]. Ошондой эле, чыгармада ата-эненин балага болгон мамилеси, анын келечегине болгон үмүтү жана ишеними терең чагылдырылган. Бул көрүнүш кыргыз элинин салттуу тарбия системасына мүнөздүү экендиги педагогикалык эмгектерде да белгиленет [3, 18-б.].

Айтматовдун балдар образдары жөн гана каармандар эмес, алар турмуштун кыйынчылыктарын эрте түшүнгөн, акылмандыкка жеткен инсандар катары берилет. Бул тууралуу Абдылдажан Акматалиев белгилеп, жазуучунун каармандары турмуш шартынын таасири менен эрте жетилгенин айтат [5, 564-б.].

Айтматовдун чыгармаларындагы балалыктын этномаданий бейнеси

Жазуучунун «Балалыгым» чыгармасы – баланын дүйнөсүн этномаданий өңүттө чагылдырган көркөм-тарыхый мааниге ээ чыгарма. Анда бала тарбиясынын негизги булагы катары үй-бүлө, ата-эне, чоң ата-чоң эне, элдик салт-санаа көрсөтүлөт. Айтматов белгилегендей, бала – үй-бүлөнүн гана эмес, бүтүндөй коомдун келечеги. Ошондуктан ата-эне балага жөн гана кам көрбөстөн, анын аң-сезимине рухий баалуулуктарды сиңирүүгө милдеттүү. Жазуучунун каармандары аркылуу төмөнкү сапаттар даңазаланат:

- ата-энеге болгон урмат-сый;
- улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоо;
- эмгекчилдик жана жоопкерчилик;
- боорукерлик жана адилеттүүлүк.

Айтматовдун балдар образдары жөн гана жаш каармандар эмес, алар – эрте жетилген, турмушту терең түшүнгөн, акылман инсандар катары сүрөттөлөт. Бул көрүнүш кыргыз элинин тарбиялоо салттарына шайкеш келет.

Класстан тышкаркы иштерде пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү

Кыргыз адабияты сабагында Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын негизинде төмөнкүдөй класстан тышкаркы иштерди уюштурууга болот:

1. Дискуссия жана талкуулар

- «Балалык деген эмне?»
- «Ата-эне жана бала мамилеси кандай болушу керек?» Бул суроолор аркылуу окуучулар өз ойлорун эркин билдирүүгө үйрөнүшөт.

2.Рольдук оюндар Окуучулар Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын ролун аткарып, алардын ички дүйнөсүн түшүнүүгө аракет кылышат.

3. Эссе жана дил баян жазуу Темалар:

- «Менин балалыгым»
- «Менин үй-бүлөм – менин байлыгым»

4. Сахналаштыруу Айрым эпизоддорду сахналаштыруу аркылуу окуучулар чыгарманын мазмунун терең өздөштүрүшөт.

5.Жолугушуулар жана адабий кечелер Айтматовго арналган адабий кечелер окуучулардын кызыгуусун арттырып, алардын эстетикалык табитин өнүктүрөт.

Тарбиялык мааниси

Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучулар төмөнкү баалуулуктарды өздөштүрүшөт:

- улуттук салт-санаага урмат;
- үй-бүлөлүк ынтымак;
- адамгерчилик жана ыймандуулук;
- мекенчилдик сезим.

Бул баалуулуктар окуучулардын этномаданий компетенциясын калыптандырууда негизги роль ойнойт.

Класстан тышкаркы иштерде колдонуу

Кыргыз адабияты сабагында Айтматовдун чыгармаларын негиз кылып төмөнкү класстан тышкаркы иштерди уюштурууга болот:

- адабий талкуулар;
- рольдук оюндар;
- сахналаштыруу;
- дил баян жазуу.

Бул иш-чаралар окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүп, алардын этномаданий аң-сезимин калыптандырат. Айрыкча, жазуучунун чыгармаларындагы тарбиялык идеялар окуучуларга түздөн-түз таасир этет [7].

Ошондой эле, этнопедагогикалык багытта жүргүзүлгөн иштер окуучулардын улуттук баалуулуктарды өздөштүрүшүнө чоң өбөлгө түзөт [8, 10-11-б.].

Тарбиялык мааниси

Айтматовдун чыгармалары аркылуу окуучулар рухий-адептик жана патриоттук баалуулуктарды өздөштүрүшөт. Бул маселеге Советбек Байгазиев да өзгөчө көңүл буруп, жаш муундарды тарбиялоодо руханий баалуулуктардын орду чоң экендигин белгилейт [4]. Азыркы глобалдашуу шартында балдардын аң-сезимине туура багыт берүү маанилүү болуп саналат. Бул тууралуу изилдөөчүлөр улуттук адабияттын ролу жогору экендигин белгилешет [9, 60-61-б.]. Ошондой эле, Айтматов балдардын тагдыры үй-бүлөлүк тарбияга түздөн-түз байланыштуу экендигин өз чыгармаларында баса көрсөткөн [2, 513-б.].

Жыйынтык

Жыйынтыктап айтканда, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы балалыктын этномаданий бейнеси кыргыз адабияты сабагында гана эмес, класстан тышкаркы иштерди уюштурууда да өтө маанилүү педагогикалык ресурс болуп эсептелет. Жазуучунун чыгармалары аркылуу окуучулар улуттук салт-санааларды, рухий-адептик баалуулуктарды, ата-эне менен баланын ортосундагы терең байланыштарды аңдап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Айрыкча «Балалыгым» чыгармасы баланын дүйнөсүн, анын ички сезимдерин жана турмуштук көз карашын этномаданий негизде ачып берүү менен окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтет. Класстан тышкаркы иштерде адабий талкууларды, сахналаштырууларды, рольдук оюндарды жана чыгармачылык тапшырмаларды колдонуу окуучулардын активдүүлүгүн арттырып, алардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт. Мындай иш-чаралар аркылуу окуучулар текстти жөн гана кабыл албастан, аны талдап, баалап, турмуш менен байланыштырууга үйрөнүшөт. Ошондой эле Айтматовдун чыгармалары окуучулардын этномаданий компетенциясын калыптандырууда, мекенчилдик сезимин ойготууда жана инсандык сапаттарын өнүктүрүүдө зор мүмкүнчүлүк түзөт. Глобалдашуу шартында улуттук баалуулуктарды сактоо жана жаш муунга жеткирүү маселеси өзгөчө актуалдуу болуп турган учурда, жазуучунун мурастары тарбия берүүнүн натыйжалуу каражаты катары кызмат кылат. Демек, кыргыз адабияты сабагында жана класстан тышкаркы иштерде Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын системалуу жана максаттуу пайдалануу окуучулардын руханий дүйнөсүн байытып, алардын инсан катары калыптанышына өбөлгө түзөт. Анын көркөм мурасы – бүгүнкү жана келечек муун үчүн баа жеткис тарбиялык казына болуп кала берет.

Колдонулган адабияттар:

1. Чыңгыз Айтматов Ч. Чыг. 8 томд. жыйнагы, 5-том, «Балалыгым». – Б.: 2008. – 422-б.
2. Чыңгыз Айтматов Ч. Чыг. 8 томд. 8-том. – Б.: 2008. – 513-б.
3. Советбек Байгазиев С. Педагогикалык руханият. – Б.: 2008. – 18-б.
4. Советбек Байгазиев С. «Жаш муундарды рухий-адептик жана патриоттук жактан тарбиялоо» концепциясы. – Кут Билим. – Б.: 2013, 24-май.
5. Абдылдажан Акматалиев А. Чыңгыз Айтматов. – Б.: Бийиктик, 2008. – 564-б.
6. Асылбек Алимбеков А. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын көркөм педагогикалык концепциясы. – Б.: 2009.
7. Асылбек Алимбеков А. Айтматовдун педагогикалык ааламы. – Б.: 2009.
8. А.Муратов А. Чыңгыз Айтматов – жазуучу-этнопедагог. – Б.: 2006. – 10–11, 21, 27-б.
9. Людмила Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматов жана кыргыз адабияты. – Б.: Турар, 2012. – 60–61-б.

УДК: 81’322.5 (089.7)

ЛИНГВОПОЭТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ КЫРГЫЗСКИХ ПЕРЕВОДОВ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ЭРНЕСТ ХЕМИНГУЭЙ В КОНТЕКСТЕ ГЛОБАЛЬНОГО ГУМАНИЗМА И ДИАЛОГА КУЛЬТУР

Нишанова Г.А. к.ф.н.,и.о.доц. Международный университет Ала-Тоо
Кыргызская Республика, город Бишкек
ORCID:0000-0002-0898-0475, e-mail: gulnara.nishanova@alatoo.edu.kg

LINGUO-POETIC ANALYSIS OF KYRGYZ TRANSLATIONS OF THE WORKS OF ERNEST HEMINGWAY IN THE CONTEXT OF GLOBAL HUMANISM AND INTERCULTURAL DIALOGUE

Gulnara Nishanova - Candidate of Philological Science, Assos. Prof.
Ala-Too International University, Kyrgyz Republic, Bishkek city,
ORCID:0000-0002-0898-0475 E-mail: gulnara.nishanova@alatoo.edu.kg

Аннотация

В статье рассматриваются лингвопоэтические особенности кыргызских переводов произведений Эрнест Хемингуэй в аспекте глобального гуманизма и межкультурного диалога. На основе сопоставительного анализа оригинальных текстов и их кыргызских версий выявляются особенности передачи стилистических доминант, философского подтекста и гуманистической проблематики. Теоретическую основу исследования составляют труды российских, кыргызских и зарубежных ученых в области лингвопоэтики и переводоведения. В статье определяется методология исследования, раскрываются используемые методы и приводятся примеры их применения в практическом анализе. Делается вывод о том, что кыргызские переводы Хемингуэя сохраняют гуманистическую направленность оригинала, однако демонстрируют культурно обусловленные стилистические трансформации.

Ключевые слова: *лингвопоэтика, художественный перевод, глобальный гуманизм, диалог культур, кыргызский перевод, философская интерпретация, стилистическая трансформация.*

Abstract

The article analyzes the linguo-poetic features of Kyrgyz translations of the works of Ernest Hemingway in the context of global humanism and intercultural dialogue. Based on a comparative analysis of original texts and their Kyrgyz versions, the study identifies the ways stylistic dominants, philosophical subtext, and humanistic ideas are rendered in translation. The theoretical framework